УДК 070.1 + 659.3
DOI 10.35254/bsu/2025.74.10

***Калчаева Л.Т.***
*Ж.Баласагын атындагы КУУ,*
*журналистика жана коммуникация институту,*
*ага окутуучу*

***Бейшенбеков Т.Б.***
*Ж.Баласагын атындагы КУУ,*
*магистрант*

# КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ЭЛ АРАЛЫК МЕДИАФОРМАТТАРДА ЖАНЫЛЫКТАРДЫН БЕРИЛИШИ

**Аннотация**

Макала кыргыз аудиториясы тарабынан активдүү колдонулуп жаткан маалымат булактарынын ар түрдүүлүгүн изилдейт. Өндүрүстүн жогору цифрилик түрүнө ылыштыруу жана эл аралык маалымат агымдарынын глобалдашуусу шарттарында. Кыргыз Республикасынын өнүккө баруучу медиа-ландшафтынын контент-анализи жүргүзүлдү. Салттуу жана жаңы санариптик каналдарды камтыган. Азаттык, BBC, Спутник сыяктуу эл аралык маалымат кызматтарынын жана орусиялык телеканалдарынын ролу жана маанилүүлүгү деңгээлүү анализ жүргүзүлдү. Коомчулук пикирин жана жарандардын саясий ыңайларын түзүүдө. Жүргүзүлгөн изилдөө көпчүлүк жерге жана болуп жаткан аудиториясы социалдык тармактар, телевидение жана радио станциялары аркылуу актуалдуу жаңылыктарды алаарын аныктады. Контент-провайдерлер арасында интенсивдүү атаандаштык аныкталды. Салттуу жана заманбап санариптик маалымат булактарынын айкалышы многослойдуу медиасүрөтүн түзүп, жарандардын информациялык процесстерге катышуусун активдештирет.

**Түйүндү сөздөр:** медиа-ландшафт, контент-анализ, аудиториялык ишеним, санариптик трансформация, социалдык тармактар, маалымат провайдерлери, коомчулук пикири, телеканалдар, саясий ыңайлар, маалымат тараталышы

***Калчаева Л.Т.***
*КНУ им. Ж. Баласагына,*
*Институт журналистики и коммуникаций,*
*Старший преподаватель*
*ORCID: 0009-0009-7348-6789*

***Бейшенбеков Т.Б.***
*КНУ им. Ж. Баласагына,*
*магистрант*

# ОСВЕЩЕНИЕ НОВОСТЕЙ В КЫРГЫЗСТАНЕ В МЕЖДУНАРОДНЫХ МЕДИАФОРМАТАХ

**Аннотация**

Статья исследует разнообразие информационных источников, активно используемых кыргызской аудиторией в условиях интенсивной цифровизации современного общества и всемирной глобализации международных информационных потоков. Применен комплексный контент-анализ развивающегося медиа-ландшафта Республики Кыргызстана, включающий традиционные и новые цифровые каналы распространения важной актуальной медиа-информации. Анализировались роль, место и значение международных информационных сервисов "Азаттык", ВВС, "Спутник", российских телеканалов в формировании общественного мнения и политических взглядов граждан страны. Установлено, что основная часть местной аудитории получает актуальные новости через социальные интернет-сети, телевидение и радиостанции. Выявлена интенсивная конкуренция между различными контент-провайдерами. Комбинация традиционных и современных цифровых источников информации формирует многослойную медиасреду, активизирующую практическое участие граждан страны в информационных процессах.

**Ключевые слова:** медиа-ландшафт, контент-анализ, аудитория, цифровизация, социальные сети, конкуренция провайдеров, общественное мнение, телевизионные каналы, политические предпочтения, информационные процессы

***Kalchaeva L.T.***
*Kyrgyz National University named after Zh. Balasagyn,*
*Senior Lecturer*

***Beishenbekov T.B.***
*KNU named after Zh. Balasagyn,*
*master's student*

# NEWS COVERAGE IN KYRGYZSTAN IN INTERNATIONAL MEDIA FORMATS

**Abstact**

The article examines the diversity of information sources used by Kyrgyz audiences amid intensive digitalization and global dissemination of flows. A content analysis of Kyrgyzstan's developing media landscape was conducted, encompassing traditional and new digital channels. The role and significance of international information services including Azattyk, BBC, Sputnik, and Russian television channels in shaping public opinion were analyzed. Research established that most local audiences obtain news through social networks, television, and radio stations. Intense competition among content providers was identified. The combination of traditional and contemporary digital information sources creates a multi-layered media environment activating citizens' participation in information processes.

**Keywords:** media landscape, content analysis, audience engagement, digitalization, social networks, content providers, public opinion, broadcasting channels, political preferences, information dissemination

XXI кылым «Маалымат кылымы» болот деген окумуштуу-эксперттердин божомолу барган сайын аныкталып, мааниси ачыкталып бара жатат. Маалыматтын агымы, кө-

лөмү, түрү улам көбөйүп, кеңейүүдө. Азыр каалаган темадагы жаңылыкты каалаган жерден, каалаган көлөмдө, каалаган тилде алуу мүмкүнчүлүгү бар. Маалымат алуу менен катар, аны кайра таратуу жолдору дагы жеңилдеди. Санариптик технологиянын, уюлдук байланыштын, Интернеттин өнүгүшү менен жаңылыктарды жеткирүүдөгү тоскоолдуктар азайды, эл аралык жаңылыктардын масштабы кеңейди. ММК мурдагыдай жалгыз маалымат булагы катары эсептелбей, мамлекет маалыматка монополия кылуудан калды.

Маалымат коомчулугунун жаңы түрү катары жашообузга кирген социалдык тармактардын өнүгүшү интернет колдонуучуларды маалымат жаратуучу, таратуучулар катары таанытып жатат. Айрым учурда алар салттык массалык маалымат каражаттарысыз эле маалымат аймагын түзүү, аудиториясы менен байланышуу мүмкүнчүлүгүнө ээ.

Маалымат таратуу жана кабыл алуу ыкмаларынын эволюциясы “жалган маалымат”, б.а. “фейк” түшүнүгүн алып келди. Маалымат алууда калктын калың катмары жеңилдигине карап дагы деле социалдык тармактарга көз каранды. Алардагы маалымат таратуунун жаңы ыкмалары пайда болду, ошол эле маалда системага салынбаган маалымат агымында коомчулук өзү менен өзү калды десек да болот. Медиасабаттуулук маселеси бардык курактарда оң натыйжасын бере элек, чыпкаланбаган маалыматтар өтө көп. Маалымат алуучуга кааласа каалабаса дагы кабыл алган маалыматтарды талдоо үчүн тиешелүү билим, тажрыйба керек болот. Айрыкча өспүрүмдөр, жаштар маалымат агымындагы терс көрүнүштөрдөн моралдык-психологиялык, материалдык зыян алышы мүмкүн [1,43].

Кыргыз Республикасы - Борбордук Азиядагы демократиялык аралча катары таанылганына көп болду. Өлкөдөгү демократиялык принциптер катары анын сөз эркиндигин баалоого болот. Мамлекеттик ММК менен катар эркин, көз карандысыз жана эл аралык ММКнын ишмердүүлүгүнө дагы чектөө коюлбаган.

2019-жылдагы “Сорос-Кыргызстан” фонду тарабынан жүргүзүлгөн иликтөөнүн жыйынтыгы боюнча учурда маалыматтын негизги бөлүгүн Кыргызстандагы аудитория социалдык тармактардан алат. Ал эми официалдуу, эл аралык жаңылыктарды телеканалдардан, маалыматтык сайттардан жана радиодон алат.

Кыргызстан 2017-жылы толугу менен санариптик телеберүүлөргө өттү жана учурда Бишкек шаарындагы телекөрүүчү 50дөн ашык телеканалды (аймактарда 30 га чейин) тандап көрүү мүмкүнчүлүгүнө ээ. Социалдык пакетке кирген сараниптик телеканалдардын арасында 2016-жылы уюшулган “Алатоо24” маалыматтык каналы дагы бар. “Алатоо 24” каналы УТРКнын ар түрдүү тематикалык телеканалдарынын катарын уникалдуу жаңылыктар контенти менен толуктады. Жаңылыктардан тышкары дүйнөдө жана өлкөдө болуп жаткан курч окуялар боюнча маселелерди көтөрүп чыгуу милдети аткарылууда. Маалыматтык телеканалдын негизги милдети – дүйнөдө жана өлкөдө болуп жаткан бардык окуяларды телекөрүүчүлөр аудиториясына мамлекеттик жана расмий тилде (кыргыз, орус) ыкчам, так жана туура жеткирүү.

Кыргызстандын аймагындагы телекөрүүчүгө жеткиликтүү болгон социалдык пакетке атамекендик коомдук, жеке менчик телеканалдар менен бирге россиялык ОРТ, РТР-Планета, НТВ, КМШ өлкөлөрүнө таандык Мир24 каналдары дагы кошулган.

Кыргызстандыктар күнүмдүк жаңылыктарды атамекендик Улуттук Биринчи, Алатоо24, ЭлТР, НТС, 7-канал, New TV, Ош ТВ ж.б.у.с. телеканалдар менен бирге россиялык ОРТ, РТР-Планета каналдарынан алуусун көп жылдардан бери калыптанган адат катары карасак болот. Россиялык каналдардан маалымат алуудагы акыркы тенденцияда РТР-Планета каналынын маалыматтык-аналитикалык берүүлөрү-

нүн рейтинги өскөндүгүн байкоого болот. Мир 24 телеканалы КМШ мамлекеттерине тиешелүү жаңылыктарды сүйүүчүлөрдүн каналы катары каралат [2].

Учурда бардык мамлекеттерде туруктуу радиоаудиториянын саны жылдан жылга азайып бара жатат. Айрыкча жаштар мурдагыдай радио укпай калышты, укса дагы алар көңүл ачуучу багыттагы музыкалык каналдарды тандоодо. Ал эми радиону маалымат булагы катары кабыл алган аудитория аз болсо дагы бар, алар көбүнчө “Азаттык” радиосунун жана BBC кыргыз кызматынын туруктуу угармандары.

“Азаттык” радиосу 1991-жылдан бери Бишкекте бюро ачып официалдуу иштеп келе жатат, радиоуктурууларды эле эмес популярдуу теледолбоорлорду ачууга жетишти. Кыргызстандын коомчулугу арасында өтө чоң ишенимге ээ болгон радиоуктуруулары, жаштар эле эмес бардык көрөрмандар  күтүп көргөн “Азаттык+” жаштар программасы, саясат айдыңында ар бир берүүсү бүйүр кызыткан “Ыңгайсыз суроолор”, жашаган материги бир, алыскы, жакынкы, коңшулаш мамлекеттердин жаңылыктары менен бөлүшкөн “Каректе Евразия”, жергиликтүү социалдык проблемаларды  чагылдырган “Данисте”, турмуштук кеп-кеңештери менен бөлүшкөн “Эже-сиңдилер”, күн сайын дүйнөдөгү жаңылыктардын тамырын кармап турган “Эл аралык жаңылыктар”, акыркы учурда көпчүлүктүн бүйүрүн кызыткан “Журналисттик иликтөө” сыяктуу популярдуу теледолбоорлорун даярдап келет  [3].

Кыргызстандагы саясий абалдын туруксуздугу, өлкө башынан өткөргөн ыңкылаптарда “Азаттыктын” программаларынын ролу чоң болгон, анткени, мамлекеттик телеканалдардан таппаган трибунаны ошол учурдагы бийликке оппоненттер “Азаттыктан” издешкен. Бул багытта карачу жагдайлар өтө арбын. 2005-жылдагы март ыңкылабынан соң, “Азаттыктын” көптөгөн медиа долбоорлору КТРКнын радио жана телеэфиринен орун алган. Бирок, көп узабай алардын үзгүлтүксүз эфирден чыгуусуна тоскоолдуктар жаралган. 2010-жылдагы апрель революциясынан соң дагы, ушундай эле учурлар кайталанган десек болот. Жакында эле 2020-жылдын октябрь айында болуп өткөн окуялардан соң дагы “Азаттыктын” программалары мамлекеттик ЭлТР каналынан кетүү мүмкүнчүлүгүнөн ажырады.

Азыр “Азаттыктын” теледолбоорлору медиамекеменин өз студияларында даярдалып, Кыргызстандагы жеке менчик багыттагы НТС, Next TV, Азия ТВ сыяктуу телеканалдардан көрөрмандарга сунушталып жатат. Мындан тышкары, азыркы санарип доорунда алардын ар бир программасы Facebook, You Tube, Instagram өңдүү социалдык баракчалардан, www.azattyk.kg  маалыматтык сайтынан дагы орун таап, аудиториясын кеңейтүүдө.

Кыргызстанда “Азаттыкка” анын долбоорлоруна, кабарчыларына, алып баруучуларына дагы деле эки ача пикирлер көп. “Алар башка мамлекеттин, тактап айтканда АКШнын саясатын колдогондор, кыргыз элине жаманчылык издеп, чыккынчылык кылат, айрым көйгөйлөрдү атайын уюштурат, элди козутат ж.б.у.с.” – ой-пикирди кармангандар  “муздак согуш” жылдары артта калганына карабай, азыр деле арбын.

Бирок, алар көтөргөн көпчүлүк маселелер, көйгөйлөр чын эле биздин өлкөнүн ар тармагында орун алып жатканы, аларды чагылдыруудагы бейтараптуулук  позицияны кармануу принциби сакталаары, КТРКнын коомдук статусун алганына 10 жылдан ашса да, улам бир  бийлик башындагы адамдардын  камчысына айланып жатканы, ал жактан эфир алалбагандар, аргасыз “Азаттыктын” долбоорлору аркылуу жалпы эле өз кайрылууларын, максаттарын билдирүү мүмкүнчүлүктөрүнө ээ болуп жатышат.

Чет өлкөдө радиоуктуруу боюнча башка дагы бир кыргыз кызматы Лондондо жайгашып, BBC Дүйнөлүк кызматынын көп сандаган структурасынын системасы-

на кирет. Британия радиоуктуруу корпорациясы - 1922-жылы түзүлүп, ушул күнгө чейин өзүнүн баштапкы статусун сактап келүүдө. Учурда BBC жергиликтүү телерадиоберүү боюнча эң кеңири спектрдеги программаларды сунуш кылат. Ошондой эле BBCнин Дүйнөлүк кызматы чет өлкөлөргө ар түрдүү тилдерде анын ичинде Борбордук Азия жана Кавказ элдерине багытталган уктурууларды даярдайт. Борбордук Азия кызматынын биринчи уктуруусу алгачкы жолу 1994-жылдын 29–октябрында орус тилинде эфирге чыккан. Ошол эле учурда өзбек жана азербайжан тилдериндеги уктуруулар бериле баштаган.

Ал эми 1996-жылдын 3-январында Кыргызстандын радиоугармандары 15 минутага созулган BBCнин кыргыз тилиндеги уктурууларын биринчи жолу уга алышты. BBCнин уктуруулары мамлекеттик радионун «сеткасына» өзгөчөлүк киргизди жана жаңылыктарды даярдоодо версткалоонун жогорку профессионалдуулугу менен айырмаланды. Программанын максаты - көптөгөн кызыкчылыктарды жана ар түрдүү көз караштарды чагылдыруу болгон. Ишенимдүүлүк жана оперативдүүлүк BBC материалдары үчүн эң маанилүү принципиалдуу талаптар болуп саналат. BBCнин берүүлөрү Кыргызстандын өзүндө эң көп угулган чет элдик программалардын бири. Кыргыз кызматынын программалары оперативдүүлүгү, тактыгы, бейтараптуулугу, ишенимдүү жана балансташтырылган маалыматы менен айырмаланат. Кыргызстандан сырткары, Кытай менен Өзбекстан, Таджикстан аймактарында жашаган угуучуларынын саны да арбын. BBC угармандары, көрөрмандары "Эл аралык жаңылыктар", "Сапар" сыяктуу күнүмдүк программаларга активдүү катышып, пикирлери менен бөлүшүп турушат. Ошондой эл дүйнө жүзү боюнча кыргыз тилдүү угармандары www.bbc.com/kyrgyz интернет -сайты аркылуу каттарды жөнөтө алышат [4].

Кыргызстандык маалымат алуучулар колдонгон булактардын ичинен россиялык www.sputnik.kg маалымат сайты жана радиосу алдыңкы 5 орунга кирет. 2014-жылы ишке берилген маалымат агенствосу Кыргызстанда официалдуу 2016- жылдын сентябрь айынан бери иштеп келе жатат. Sputnik.kg маалымат сайты эл аралык, жергиликтүү жаңылыктарды кыргыз жана орус тилдеринде берүү менен бирге, улуттук каада-салт, нарк-насил, баалуулуктарга байланыштуу кызыктуу маалыматтарды ар түрдүү жанрда даярдап берүүсү менен айырмаланат. Ошондой эле Sputnik радиосунда актуалдуу талкуулар жана кызыктуу подкасттар даярдалат.

Кыргызстандык аудиторияны эл аралык масштабда маалымат алуусуна жардам берген дагы бир чоң агым ал социалдык тармактар. Facebook, You Tube, Instagram аркылуу маалымат алып эле тим болбосто, бул тармактар аркылуу өздөрү маалымат даярдоочу, таратуучу катары таанылган кыргызстандыктар көп. Өлкөнүн маалымат саясатына, коопсуздугуна социалдык тармактардын тийгизген таасири тууралуу иликтөө иштери алдыда деп ойлойбуз.

### Адабияттар


1. Медиапотребление и дезинформация в ЦА: количественная и качественная оценка в контексте геополитики / С. Д. Вестербай, Ш. Джураев, А. Маразис. – [Б. м.] : Internews Europe, 2023. – 92 с.
2. Медиапотребление в Кыргызстане: итоги социологических исследований : отчет с интерпретацией данных / M-Vector. – Бишкек : Интерньюс в КР, 2023.
3. Радио жана телепрограммаларды түзүүнүн этикалык критерийлери / Интерньюс. – Бишкек : Интерньюс, 2012. – 87 б.
4. Эларалык журналистиканын стандарттары / пер. с рус. Ш. Дүйшеева ; ред. К. Оторбаев. – Бишкек : [б. и.], 2012.